**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# ЧЕТ ТИЛИ

Жалпы билим берүү уюмдарынын 3-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

**Шаршембиева Д.Н.** Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү жана инклюзивдүү билим берүү бөлүмүнүн башчысы

**Ахматова Б.Ш.** Мраморное айылындагы жалпы орто билим берүү мектебинин англис тили мугалими

**Джумалиева Г.Э.** Таш-Дөбө айылындагы Б.Бейшеналиева атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин англис тили мугалими

**Рецензенттер:**

**Фатнева А. Г.** Бишкек шаарындагы «Bilimkana International High School» , мектебинин англис тили мугалими

**Турдалиева Р. К.** Аламүдүн райондук билим берүү бөлүмүнүн усулчусу

Жалпы билим берүү уюмдарынын 3-6-класстары үчүн «Чет тили» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты. Предметтик стандарт чет тилин үйрөнүүнүн максаттарына ылайык предметтин жардамы менен окуучуларды тарбиялоонун, окутуунун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын аныктайт. Предметтик стандарттын негизинде предметтик стандартта көрсөтүлгөн ыкмалар, принциптер жана окутуу усулдарын чагылдырган окуу программалары жана окуу китептери түзүлөт. Предметтик стандарт чет тилдерин окутууга бирдиктүү мамилелерди камсыздайт, бардык типтеги жалпы билим берүүчү уюмдарда окуу процессин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын мектептеринде тилдик билим берүүнү өнүктүрүүнү камсыз кылат.

# М А З М У Н У

**1-БӨЛҮМ.** ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР.......................................................................................................4

**2-БӨЛҮМ.** ПРЕДМЕТТИН ТҮЗҮМҮ, МАЗМУНУ ЖАНА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР........................................................................................................................ 5

**3-БӨЛҮМ.** ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ........................................................................................................................11

**4-БӨЛҮМ.** ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО.......................13

**5-БӨЛҮМ.** САБАКТЫ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО............................................................16

# 1-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ОКУТУУГА МАМИЛЕЛЕР

Чет тили – маданияттар аралык коммуникациянын каражаты болуп саналат. Ал өсүп келе жаткан муундун өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга даярдыгын калыптандырууга, ошондой эле башка элдердин маданиятын, жашоо образын жана ой жүгүртүүсүн түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Чет тилин үйрөнүү окуучуларга өз ойлорун жана сезимдерин баарлашуу процессинде эркин билдирүүгө жардам берет. Ошондой эле, ал ар тараптуу маалымат алмашууну, улуттук маданияттардын өз ара аракеттенүүсүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүнү камсыз кылуу максатында окутулат.

Башталгыч мектепте чет тилин окутуунун максаты – аны баарлашуу каражаты катары пайдалануунун негиздерин калыптандыруу.

**Милдеттери:**

**1. Тарбия берүүчүлүк:** мектеп окуучуларынын ар түрдүү маданияттарга болгон сый-урматын жана кызыгуусун арттыруу, жаңы билимдерге ачыктыгын жана жамаатта иштей билүүсүн өнүктүрүү;

**2. Билим берүүчүлүк:** угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу көндүмдөрүн, грамматика жана лексика боюнча негизги көндүмдөрдү калыптандыруу;

**3. Өнүктүрүүчүлүк:** жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында чагылдырылган негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга көмөктөшүү.

Башталгыч мектепте англис тилин окутуу төмөнкү ыкмаларга негизделген:

**Компетенттүүлүк мамиле** - окуучулардын жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө ийгиликтүү аракеттенүүсүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган билим берүү процессинин концептуалдык негизи болуп саналат.

**Коммуникативдик мамиле** окуу жана турмуштук кырдаалдарда чет тилде баарлашуу жөндөмүн калыптандырат, бул чыныгы баарлашууда тил жана сүйлөө көндүмдөрүн колдонууга өбөлгө түзөт.

**Дифференцияланган мамиле** окуучулардын кызыкчылыктарын жана күчтүү жактарын эске алат. Мугалим репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде дифференцияланган тапшырмаларды сунуштайт.

**Маданий мамиле** бул ар кандай маданияттардагы жүрүм-турум нормаларын түшүнүүгө, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн билүүгө жардам берет.

Колдоочу окутуу тилди этап-этабы менен өздөштүрүүнү камсыздайт, тактап айтканда: «тыбыш – тамга – сөз – фраза – кеп». Лексиканы жана грамматиканы өздөштүрүү, ошондой эле фразалык сүйлөөнү үйрөтүү үчүн визуализация, кыймыл-аракет көнүгүүлөрү, схемалар, сүйлөө таянычтары жана оюн аркылуу окутуу кеңири колдонулат.

Мотордук эстутумду өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат: кубиктер, карандаштар сыяктуу предметтер, басма шрифт, тактилдик алиппе, түстүү карточкалар жана чоңураак шрифт колдонулат.

**Сабакта эмоционалдык позитивдүү чөйрөнү түзүү** позитивдүү кайтарым байланыш, мугалимдин ачык жана так көрсөтмөлөрү, окуу жүктөмүнүн чегинде жамааттык окутуу, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо аркылуу ишке ашат.

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН ТҮЗҮМҮ, МАЗМУНУ ЖАНА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

Чет тилин үйрөнүү төмөнкү мазмундук линияларга негизделет:

**Тил системасынын элементтери** мектеп окуучуларында тилди өз ара аракеттенүү үчүн колдонуунун баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган жана тил жөнүндөгү илимдин бөлүмдөрүнүн: орфография, фонетика, лексика жана грамматиканын негизги түшүнүктөрүн камтыйт.

**Кептик баарлашуу** кенже окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндөгү маалыматты окуу, сүйлөө, кабыл алуу жана түшүнүү билгичтиктерин калыптандырууга, ошондой эле аны ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда колдонууга багытталган. Бул мазмундук линиянын негизи төмөнкү кеп көндүмдөрүнүн байланышы болуп саналат: угуу, окуу, сүйлөө, жазуу.

**Маданият аралык байланыш** тилдик жана маданий көп түрдүүлүккө сый мамилени калыптандырууга, ошондой эле башка маданияттардын өзгөчөлүктөрүн адекваттуу кабыл алуу жана түшүнүү, маданияттар аралык баарлашуу шарттарында өз ара аракеттенүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган.

Мектепте чет тилин колдонуу чөйрөсүнө: социалдык-тиричилик чөйрөсү, социалдык-маданий чөйрө, окуу-эмгек чөйрөсү кирет.

**Материалды баарлашуу чөйрөсү боюнча тематикалык бөлүштүрүү.**

**1-таблица.**

| **Баарлашуу чөйрөлөрү** | **3-4-класстар** | **5-6 класстар** |
|---|---|---|
| **Социалдык-тиричилик чөйрөсү** | Менин үй-бүлөм. Саламдашуу, коштошуу.<br>Үй жана жапайы жаныбарлар.<br>Дене мүчөлөрү.<br>Жашылча-жемиштер.<br>Туура тамактануу жана күн тартиби.<br>Туулган күн.<br>Кийим.<br>Түстөр.<br>Үй-бүлө (жашы, туугандык белгиси).<br>Менин үйүм, бөлмөлөр.<br>Азык-түлүк дүкөнү. | Менин үй-бүлөм (кесиби, жашы, туугандары).<br>Сырты келбети.<br>Адамдардын мүнөзүн жана сезимдерин сүрөттөө.<br>Туулган күн.<br>Хобби.<br>Салам айтуу. Доско (туугандарга) кат жазуу.<br>Жашоо. Сергек жашоо образы (тамактануу жана спорт).<br>Күн режими.<br>Дүйнө элдеринин ашканасы (Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн).<br>Соода (азык-түлүк, кийим-кече).<br>Менин үйүм (бөлмөлөр, эмеректер, үйдүн жардамы).<br>Менин шаарым (инфраструктура, маршрут).<br>Үй жумуштары (үй-бүлөдөгү жоопкерчилик, милдеттер, тапшырмалар). |
| **Социалдык маданий** | Өз өлкөсү менен таанышуу (этностордун ар түрдүүлүгү). | Өлкө боюнча саякат (чет тилдүү өлкөлөр жана Кыргыз Республикасы). |

| | | |
|---|---|---|
| **чөйрө** | Тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөр менен таанышуу (өлкөлөр жана борборлор).<br>Жаратылыш (көлдөр, дарыялар, тоолор, токойлор ж.б.).<br>Адамдардын сүрөттөлүшү (адамдардын көп түрдүүлүгү). | Туристтик жерлер.<br>Изилденген тилдин өлкөлөрү (кооз жерлер, каада-салттар).<br>Транспорттун түрлөрү.<br>Багыттар (оңго, солго).<br>Жол эрежелери.<br>Өлкөнүн (тилин үйрөнүп өлкөнүн) жана Кыргыз Республикасынын негизги майрамдары.<br>Искусство (живопись, балет, кино, адабият). |
| **Окуу эмгек чөйрөсү** | Менин мектебим (окуу предметтери, инфраструктура, ынтымактуу класс).<br>Күндүн убактысы, Жуманын күндөрү.<br>0дөн 100гө чейин санай алуу.<br>Жыл мезгилдери, айлар, аба ырайы, жаратылыш кубулуштары.<br>Убакытты аныктоо.<br>Кесиптер. | Мектеп жана мектеп жашоосу (сабактар, расписание).<br>Буюмдардын сүрөттөлүшү.<br>1000ге чейин саноо.<br>Күндүн убактысы. Аптанын күндөрү (убактыңызды пландаштыруу).<br>Жыл мезгилдери чет өлкөнүн (тилин үйрөнүп жаткан өлкөнүн) жана Кыргызстандын даталары жана майрамдары, жаратылыш кубулуштары).<br>Кесиптер. |

**Предметтик компетенттүүлүктөр**

**Тилдик компетенттүүлүк** – окуучулар чет тилинде өз ой-пикирин билдирүү үчүн тилдик каражаттарды (фонетика, орфография, лексика, грамматика) өздөштүрүшөт.

**Кептик компетенттүүлүк** – окуучулар коммуникативдик көндүмдөрдү төрт негизги тилдик ишмердүүлүк боюнча өнүктүрүшөт: сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу.

**Маданияттар аралык компетенттүүлүк** – окуучулар ар түрдүү элдердин маданияты менен таанышып, үйрөнүлүп жаткан тилде адамдар менен өз ара аракеттенүүгө үйрөнүшөт жана өз өлкөсүн маданияттар аралык баарлашуу контекстинде тааныштыруу көндүмдөрүн калыптандыра башташат.

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизи болуп эсептелет жана алар менен биргеликте өнүгөт. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы окуучулардын реалдуу коммуникативдик муктаждыктары, интерактивдүү окутуу, ар түрдүү окуу ишмердүүлүгү, чыныгы жашоого жакын баарлашуу кырдаалдары, сүйлөө өнүгүүсүнө багытталган көнүгүүлөр жана коомдук жашоонун ар түрдүүлүгүн чагылдырган тексттер аркылуу ишке ашырылат.

3–6-класстар үчүн "Чет тили" предметинин мазмуну төмөнкү деңгээлдерге ылайык келет[1]:

[1] «Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: Изучение, преподавание, оценка» ("Common European Framework of Reference: Learning, Teaching, Assessment"), Совет Европы – 2001.

**Чет тилин билүү деңгээли**

**2-таблица.**

| **Билүү деңгээли** | | **3 - класс** | **4 - класс** | **5- класс** | **6 -класс** |
|---|---|---|---|---|---|
| Элементардык билүү | Башталгыч деңгээл / Beginner | A1 | A1 | | |
| | Элементардык деңгээл / Elementary | | | A2 | A2 |

**Мазмундук линиялар жана компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

**3- таблица.**

| **Мазмундук линиялар** | **Предметтик компетенттүүлүктөрдүн мазмуну** | **Күтүлүүчү натыйжалар** | |
|---|---|---|---|
| | | **3-4 - класстар** | **5-6 - класстар** |
| **Тил системасынын элементтери** | **Тилдик компетенттүүлүк** | | |
| | **Орфография** | – алфавиттин тамгаларын тааныйт жана жазат;<br>– үйрөнүп жаткан лексика-грамматикалык материалдын алкагында сөздөрдү окуйт жана жазат. | – үйрөнүп жаткан лексика-грамматикалык материалдын алкагында сөздөрдү окуйт жана жазат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Фонетика** | – тилдеги бардык тыбыштардын жана үйрөнгөн тамга айкалыштарын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>– үйрөнгөн транскрипциялык белгилерди тааныйт;<br>– муундардын санын (кол чабуу же башка ыкмалар менен) аныктай алат;<br>– тыбыштын сөздөгү жана муундагы ордун аныктай алат;<br>– тааныш сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө басымды туура коёт;<br>– жай жана суроолуу сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт. | – тилдеги бардык тыбыштардын жана тамгалардын айкалышын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>– транскрипциялык белгилерди тааныйт;<br>– сөздөгү муундардын санын аныктай алат;<br>– тааныш сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө басымды туура коёт;<br>– тамгалардын айкалышындагы тыбышты аныктайт, окуйт жана жазат;<br>– тыбыштын транскрипциясын жазат;<br>– муундардын санын (кол чабуу же башка ыкмалар менен) аныктай алат;<br>– жай жана суроолуу сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт. |
| | **Лексика** | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (100-150 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот. | – үйрөнгөн темаларга ылайык лексикалык минимумду (150-200 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Грамматика** | - таанып билет жана кебинде колдонот:<br>- ырастоочу, суроолуу жана терс формадагы жөнөкөй сүйлөмдөр;<br>- суроолуу сүйлөмдөрдүн түрлөрү (жалпы жана атайын);<br>- ырастоочу жана терс формадагы буйрук сүйлөмдөр;<br>- туруктуу иш-аракеттерди сүрөттөө үчүн учур чактагы этиштер;<br>- көптүк зат атоочтор;<br>- артикль;<br>- тактоочтордун жыштыгы<br>- жактама  ат атоочтор;<br>-жекелик сандагы  шилтеме  ат атоочтор;<br>- өздүк аныктама ат атоочтор;<br>- зат атоочтордун таандык жөндөмөсү;<br>- Жекелик жана көптүк зат атоочтор;<br>- белгисиз ат атоочтор;<br>- буюмдардын жайгашкан жерин атайт;<br>- кызматчы сөздөрдүн орду ;<br>- жөндөмдөрдү жана артыкчылыктарды билдирүү үчүн модалдык этишти колдонот;<br>- кыймыл-аракеттик тактоочтор;<br>- сүйлөө учурунда болуп жаткан иш-аракеттерди билдирүү үчүн учур чактагы этиштер. | – таанып-билет жана кебинде колдонот:<br>– ырастоочу, суроолуу жана терс формадагы жөнөкөй сүйлөмдөр;<br>– Сан-өлчөм, себеп-натыйжа байланышы бар татаал сүйлөмдөр;<br>– суроолуу сүйлөмдөрдүн түрлөрү (жалпы жана атайын).<br>– туруктуу иш-аракеттерди сүрөттөө үчүн учур чактагы этиштер;<br>– сүйлөө учурунда болуп жаткан иш-аракеттерди билдирүү үчүн учур чактагы этиштер;<br>– пландаштырылган иш-аракеттерди билдирүү үчүн учур чактагы этиштер;<br>– жөнөкөй иш-аракеттерди билдирүү үчүн өткөн чактагы этиштер;<br>– жекелик жана көптүк шилтеме ат атоочтор;<br>– сын атоочтордун салыштырма жана күчөтмө даражасы;<br>– кыймыл-аракет тактоочтору;<br>– орун жана багыт кызматчы сөздөр;<br>– артиклдер;<br>– элементардык этиш айкалыштары;<br>– келер чактагы этиштер;<br>– Жекелик жана көптүк  зат атоочтор;<br>– белгисиз ат атоочтор;<br>– элементардык модалдык этиштер;<br>– буюмдардын жайгашкан жерин атайт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кептик баарлашуу** | **Кептик компетенттүүлүк** | | |
| | **Угуп кабыл алуу көндүмү** | – жөнөкөй көрсөтмөлөрдү, тапшырмаларды жана мугалимдин көрсөтмөлөрүн түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана сөз айкаштарын түшүнөт;<br>– талкууланып жаткан тема же тексттеги негизги ойду түшүнөт;<br>– үйрөнүп жаткан материалдын алкагында 10-30 секунддук сүйлөмдөрдү уга алат жана түшүнө алат. | – мугалимдин көрсөтмөлөрүн жана тапшырмаларын түшүнөт;<br>– жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун, фактыларын жана синонимдер аркылуу кайра айтылган маалыматты түшүнөт;<br>– керектүү маалыматты тандап түшүнөт;<br>– чет тилиндеги 20-60 секунддук текстти уга алат жана түшүнө алат. |
| | **Окуу көндүмү** | – алфавиттеги тамгаларды тааныйт жана аларды тиешелүү тыбыштар менен байланыштырат;<br>– жөнөкөй, тааныш сөздөрдү окуй алат;<br>– окуганын туура интонация жана ритм менен үн чыгарып айта алат (үн чыгарып окуу);<br>– кыска жана жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун түшүнөт;<br>– негизги идеяны жана өзүнчө деталдарды бөлүп көрсөтө алат;<br>– тексттин мазмунун сүрөттөр же сабактын контексти менен байланыштырат;<br>– 50-60 сөздөн турган тексттин мазмунун түшүнө алат. | – тексттин негизги мазмунун түшүнөт жана ачкыч сөздөрдү бөлүп көрсөтөт;<br>– керектүү маалыматты таба алат, анын ичинде синонимдер аркылуу кайра айтылган маалыматты түшүнөт;<br>– маалыматты классификациялайт, салыштырат жана жыйынтык чыгарат;<br>– текстти графикалык формага (кластер, схема, таблица) айландыра алат жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат);<br>– 100 сөзгө чейин тексттин мазмунун түшүнөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Сүйлөө көндүмү** | - үй-бүлө мүчөлөрүн, жаш курагын, 100гө чейинки сандарды, негизги кесиптерди атай алат;<br>- окуу куралдарына, үй жана жапайы жаныбарларга тиешелүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын жана тааныш жерлерди сүрөттөп айта алат;<br>- өзүнүн (жана досунун) жактырuuлары жана жактырбагандары тууралуу (эмнени сүйөт, эмнени сүйбөйт) 3-5 сүйлөм айтып бере алат;<br>- суроолорго кыскача жооп бере алат, ыраазычылык билдире алат;<br>- сөздөрдү жана сөз айкаштарын таянычтардын жардамы менен жөнөкөй сүйлөмдөргө бириктире алат;<br>- суроолорду берет жана жооп бере алат. | - сырткы көрүнүшүн, мүнөзүн сүрөттөөгө тиешелүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын;<br>– үй-бүлө, (достору ж. б.) тууралуу (эмнени сүйөт, эмнени сүйбөйт) 8 же андан көп сүйлөм айта алат;<br>- Кыргызстандагы майрамдар, достору тууралуу айта алат (8 же андан көп сүйлөм);<br>- ден соолук жана жеке гигиена, бош убакыт жөнүндө диалогго катыша алат (ар бир тараптан 5 сөз );<br>- Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү кооз жерлер жөнүндө айтып бере алат;<br>- сөздөрдү жана сөз айкаштарын жөнөкөй сүйлөмдөргө бириктирет;<br>- суроолорду берет жана жооп берет. |
| | **Жазуу көндүмү** | - басма тамгалар менен сөздөрдү жана кыска фразаларды жазат;<br>- өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө жөнөкөй сүйлөмдөрдү таянычтардын жардамы менен жазат (5-10 сүйлөм). | - өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө кыска сүйлөмдөрдү жана фразаларды жазат;<br>- өзү, курчап турган дүйнө, өткөн учурдагы окуялар тууралуу кыска тексттерди таянычтын жардамы менен жазат (10-15 сүйлөм). |
| | **Маданият аралык компетенттүүлүк** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Маданият аралык байланыш** | | - баарлашуу кырдаалдарында кептик этикетти сактайт: - саламдашуу жана сылык коштошуу, ыраазычылык билдирүү;<br>- үйрөнүп жаткан тилдин өлкөлөрүнүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы түшүнүккө ээ;<br>- тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөрдүн балдар фольклору менен тааныш / тааныш. | - баарлашуу кырдаалында кептик этикетти сактайт: саламдашат жана сылык коштошот, ыраазычылык билдирет, ал-жай сурайт;<br>- үйрөнүп жаткан тилдин маданиятын салыштырат;<br>- көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын өз ара байытуунун негизи катары билет;<br>- тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөрдүн балдар фольклору менен тааныш / тааныш. |

## 3- БӨЛҮМ. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ

Чет тилин окутуу коммуникативдик көндүмдөрдү, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, окуучулардын кругозорун жана өз алдынчалыгын кеңейтүүгө көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш. Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, инклюзивдик методдорду колдонуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү.

Чет тили сабактарындагы натыйжалуу билим берүү чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт.

**Универсалдуу окуу дизайны.** Окутуунун универсалдуу дизайны (ыктыярдуу) бардык окуучулар үчүн окутуу процессинин жеткиликтүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна, алардын даярдык деңгээлине жана жеке өзгөчөлүктөрүнө карабастан багытталган.

Бул үчүн материалды берүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонуу керек:

- Визуалдык каражаттар: карталар, схемалар, графиктер, презентациялар, видеолор.
- Аудио материалдар: ырлар, подкасттар, аудиокитептер, диалогдор.
- Кинестетикалык ыкмалар: жаңсоолор, роль ойноо, интерактивдүү тапшырмалар, физикалык буюмдарды колдонуу.

Мындан тышкары, универсалдуу дизайн билимди билдирүүнүн ар кандай жолдорун колдонууну камтыйт. Баалоо төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Классикалык формалар (тесттер, жазуу иштери).
- Альтернативдик жолдору (сүрөттөр, диаграммалар, менталдык карталар, видеопрезентациялар, ролдук оюндар).

Даярдыктын ар кандай деңгээлиндеги окуучулар үчүн тапшырмаларды адаптациялоо маанилүү аспект болуп саналат:

- Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучуларга татаал чыгармачыл тапшырмаларды сунуштоого болот (эссе жазуу, дебатка катышуу).
- Кыйынчылык менен өздөштүргөн окуучуларга көбүрөөк кайталоо, тапшырмаларды аткаруунун үлгүлөрүн берүү, жуп болуп иштөө пайдалуу.

Универсалдуу окуу дизайнын колдонуу ар бир окуучуга билим берүү максаттарына жетүүгө

мүмкүндүк берет, кызыгууну жогорулатат жана чет тилин үйрөнүү процессин жемиштүү кылат.

**Окутуунун оюн жана интерактивдүү ыкмалары**. Оюн ыкмалары тилди өздөштүрүүгө көмөктөшөт, окуу процессин кызыктуу кылат жана ката кетирүүдөн коркууну азайтат. Оюндарды, сценкаларды жана интерактивдүү тапшырмаларды колдонуу байланыш көндүмдөрүн өнүктүрөт жана окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон позитивдүү мамилесин калыптандырат. Натыйжалуу оюн ыкмаларынын катарына төмөнкүлөр кирет:

– Ролдук оюндар жана реалдуу турмуштук кырдаалдарды сахналаштыруу (мисалы, "Кафедеги диалог") байланыш кырдаалдарында тилди колдонууга ишенимди өнүктүрүү.
– Лексиканы жаттоого жана туура айтылышын өнүктүрүүгө жардам берген кыймылдар менен ырлар.
– Кызматташуу жана социалдаштыруу көндүмдөрүн жайылтуучу командалык тапшырмалар.

Окутуунун мындай ыкмалары мотивацияны гана жогорулатпастан, окуучуларга тил материалдарын табигый түрдө тезирээк жаттоого мүмкүндүк берет.

**Материалды акырындап татаалдаштыруу.** Окутуу "жөнөкөйдөн татаалга" принциби боюнча курулат. Баштапкы этапта балдар айрым сөздөрдү жаттап, андан кийин жөнөкөй сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүүгө өтүшөт, кийинчерээк диалогдорду жана чакан тексттерди өздөштүрүшөт. Бул ыкма окуучуларга татаал маалыматтарды жүктөбөй, акырындык менен сөз байлыгын кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Материалды жөнөкөйдөн татаалга карай түзүү окуу процессин ырааттуу кылууга жардам берет. Мисалы, "Жаныбарлар" темасында негизги лексиканы үйрөнгөндөн кийин, окуучулар жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүп, андан кийин жаныбарларды сүрөттөп, алардын жашоо чөйрөсүн талкуулай алышат.

**Тилдик бардык көндүмдөрдү өнүктүрүү.** Тилди толук билүү үчүн төрт негизги аспектти өнүктүрүү маанилүү:

– Угуу (кепти угуу менен кабыл алуу).
– Сүйлөө (сүйлөм түзүү жана ойду билдирүү жөндөмү).
– Окуу (тексттерди түшүнүү).
– Жазуу (жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү).

Ар бир сабак төрт аспектинин элементтерин камтышы керек. Окуяларды угуу, мазмунун талкуулоо, айтып берүү, угуу жана сүйлөө көндүмдөрүн өрчүтүүгө жардам берет. Тексттерди окуу жана жазуу тапшырмаларын аткаруу сөз байлыгын бекемдөөгө жана кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

**Тил үйрөнүүнүн башка предметтер менен байланышы**. Чет тилин башка предметтик чөйрөлөргө интеграциялоо аны үйрөнүүнү табигый жана маңыздуу кылат.

– Математика: эсептөө, диаграммалар жана графиктер менен иштөө.
– Табият таануу: жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, жаратылыш кубулуштарынын аттарын үйрөнүү.
– Музыка: Чет тилдеги ырларды аткаруу.

Мындай предмет аралык байланыш материалды жакшыраак өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт жана окуучуларга тилди ар кандай контекстте колдонууга жардам берет.

**Үйрөнүп жаткан тилдин өлкөсүнүн маданияты менен таанышуу.** Чет тилин үйрөтүү үйрөнүп жаткан тилдин өлкөсүнүн каада-салттары, майрамдары жана маданий өзгөчөлүктөрү менен таанышууну камтыйт. Жомокторду жана элдик уламыштарды окуу окуучуларга тилдин маданий контекстин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Тематикалык күндөрдү өткөрүү

("Англис ашканасынын күнү"," Немис китеп клубу"," Француз музыкасынын күнү") тил чөйрөсүн түзүүгө жана маданият жөнүндө билимди тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Майрамдарды үйрөнүү окуу процессин кызыктуу жана ар тараптуу кылат. Мындай мамиле окуучулардын горизонтун кеңейтип гана тим болбостон, аларга эне тилинде сүйлөгөндөр менен баарлашуу өзгөчөлүктөрүн жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

**Психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзүү**. Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- Окуучулардын кичинекей жетишкендиктерин белгилеп, алардын позитивдүү маанайын жана мотивациясын сактоо.
- Каталар ийгиликсиздик эмес, окуунун бир бөлүгү катары каралуучу коопсуз чөйрөнү түзүү.
- Өзүнө анча ишенбеген окуучуларга тилди ыңгайлуу шартта практикалоого мүмкүндүк берген топтук иштерди жана жуптук тапшырмаларды колдонуу.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.

## 4 – БӨЛҮМ. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста баалоонун үч түрү колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 3-класста чет тили сабагында белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет. Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат:

1. **Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды жана тапшырмаларды колдонот: Бул сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп ж.б. болушу мүмкүн.
2. **Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу прогрессин талкуулайт:
   - окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
   - эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
   - окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
   - коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.
3. **Баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (*жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).
4. **Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.**

**10 лексикалык бирдиктен турган лексикалык диктантты баалоо критерийлери.**

**4-таблица.**

| **Туура жазылган сөздөр** | **Баалар** |
|---|---|
| 8-10 сөз | 5 |
| 6-7 сөз | 4 |
| 4-5 сөз | 3 |
| 3 же андан аз сөз | Канааттандырарлык эмес |
| | |

**Угуу жана окууга баа берүүнүн болжолдуу критерийлери.**

**5-таблица.**

| **Критерийлер** | **Эң жакшы** | **Жакшы** | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |
|---|---|---|---|---|
| Мазмунду түшүнүү | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, деталдарды табат (анын ичинде өзгөрмөлүү сөздөр), жыйынтык чыгарат. | Тексттин негизги идеясын түшүнөт, жарым-жартылай деталдарды табат, синонимдерди тандайт жана жыйынтык чыгарат. | Маалыматты жарым-жартылай түшүнөт. Өзгөрмөлүү сөздөрдү билбейт. Жыйынтык чыгаруу кыйын. | Негизги ойду жана деталдарды түшүнбөйт. |
| Мүнөздөмөлөр дү салыштыруу, маалыматты классификация лоо | 3 же андан көп мүнөздөмөлөрдү салыштырат, маалыматты классификациялайт. Текстти графикалык формага (схема, таблица) жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 2 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемаларды тандайт, схемаларды таянычтардын жардамы менен текстке которот. | Салыштыруу жана классификациялоо учурунда 1 мүнөздөмөнү бөлүп көрсөтөт. Схемадагы мүнөздөмөлөрдү жарым-жартылай чагылдырат. | Мүнөздөмө берүүдө кыйналат |
| Маалыматтарды колдонуу | Тексти негиз кылат, жооп түзүү үчүн 4 же андан | Тексттен 2-3 негизги мүнөздөмөнү | Тексттен керектүү маалыматты | Алган маалыматты иштеп чыгып, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | көп өзгөчөлүктү тандайт, маалыматтын негизинде өзүнүн текстин жаратат. | тандайт жана алардын негизинде өз жообун түзөт. | тандап, жооп түзүүдө кыйынчылык тартат. | колдонууда кыйынчылык тартат. |

**Жазуу жана оозеки жоопту (текстти) баалоонун болжолдуу критерийлери**

**6- таблица.**

| Критерийлер | Эң жакшы | Жакшы | Канааттандырарлык | Канааттандырарлык эмес |
|---|---|---|---|---|
| **Жооптун мазмуну** | Ой так жана түшүнүктүү, бардык негизги эрежелер сакталат (оозеки кептеги басым, грамматика). Сүйлөмдөрү аякталган, логикалык жактан курулган. | Ой түшүнүктүү, негизги эрежелер сакталат (грамматика). Сүйлөмдөр жарым-жартылай бүткөн, балким, түзүлүшүндө майда так эместиктер бар. | Ой түшүнүксүз, сүйлөм толук эмес, эрежелерди сактоодо кыйынчылыктар бар. | Жообу толук эмес, сүйлөмдөрү аягына чыкпайт |
| **Лексика** | Лексика темага толугу менен шайкеш келет, тема боюнча 4-5 же андан көп сөздөр колдонулат. Бардык жаңы сөздөр туура айтылган (оозеки жооп менен), сүйлөмдөр туура түзүлгөн | Лексика негизинен темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура айтылат (оозеки жооп менен), сүйлөмдөрдүн көпчүлүгү туура түзүлгөн | Лексика жарым-жартылай темага туура келет, тема боюнча 2-3 сөздөн аз колдонулат. Жаңы сөздөрдүн көпчүлүгү туура эмес айтылат (оозеки жооп бергенде), сүйлөм түзүүдө каталар бар. | Тема боюнча лексиканы колдонбойт. Сөздөр туура эмес айтылат. |
| **Тексттин түзүмү** | Текст логикалык жактан байланышкан, бардык ойлор толук. Сүйлөмдөрү орундуу. | Текст түзүлгөн, бирок ой жарым-жартылай бүткөн, сүйлөмдөрдүн байланышы бир аз түшүнүксүз болушу мүмкүн. | Текст жарым-жартылай түзүлгөн, ой толук эмес, сүйлөмдөрдүн ортосунда байланыш начар же жок. | Текст түзө албайт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Интонация** (оозеки жооптор үчүн) | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет (суроолуу, илеп, жай). Басым негизги сөздөргө туура коюлган. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келет, бирок кээ бир сөздөргө басым коюу так эмес болушу мүмкүн. | Интонация сүйлөмдүн түрүнө туура келбейт, маанилүү сөздөргө басым жасалбайт. | Интонация сакталбайт |
| **Пунктуация** (жазуу жооптор үчүн) | Бардык үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүр, чекит, илеп жана суроо белгилери керектүү жерлерде колдонулат | Негизинен үйрөнүлгөн тыныш белгилери туура колдонулат. Үтүрдү колдонууда анча-мынча каталар бар. | Үйрөнүлгөн тыныш белгилери каталар менен колдонулат, көбүнчө үтүр, чекит, суроо жана илеп белгилери калтырылып же туура эмес коюлган | Пунктуациялык белгилер коюлбаган |

# 5- БӨЛҮМ. САБАКТЫ РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО

**Ресурстук камсыздоо**

**7-таблица.**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | Башталгыч мектептеги окуу процесси каражаттарды (персоналдык компьютерлер, сканерлер, принтерлер, мультимедиялык проекторлор ж.б.), анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү технологияларды (үндү күчөткүч, наушник, проектор, лупа ж. б.) камтыган заманбап компьютердик техника менен камсыз кылынышы керек.<br>МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. |

| | |
|---|---|
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Башталгыч мектепте окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, предметтер боюнча тренажерлор, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br><br>Санариптик билим берүү булактары материалдарга, анын ичинде титрлерге жана наушниктерге визуалдык жана угуу мүмкүнчүлүгүн берет.<br><br>Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br><br>- маалымат булактары;<br><br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br><br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br><br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштуруучулөр ж.б.). |